**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ПЕДАГОГИКА, ТАРЫХ ЖАНА ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ КАФЕДРАСЫ**

| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
|---|---|
| Окуу бөлүмүнүн башчысы | Академиялык иштер боюнча проректору |
| ____________ Ж.Ж.Усубалиева | ____________ К.О.Омурова |
| "5" 09 2025 г. | "5" 09 2025 г. |

# ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

## « ТАРЫХ БОЮНЧА АТАЙЫН ДИСЦИПЛИНАЛАР» ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА

**Даярдоонун багыты**: 550400 «Социалдык экономикалык билим берүү»

**Даярдоонун профили:** *Тарых*

**Бүтүрүүчүнүн квалификациясы (даражасы)**: *Бакалавр*

**Окутуу формасы:** *Күндүзгү, аралыктан (дистанттык)*

**Нарын -2025**

Жумушчу программаны түзгөн
т.и.к., профессордун м.а. _________________ Эсеналиева Г.О

**“Педагогика, тарых жана окутуунун технологиялары кафедрасынын»** «__3__» ____09____ 2025 жылдын №___2___ протоколу менен жактырылды.

Кафедра башчысы п.и.к, доцент_______________ Э.О. Бектурова

НББПнын жетекчиси, п.и.к., доцент _____________ Э.О. Бектурова

**Педагогика факультетинин** «__4__» _____09_____ 2025 жылдын №___2___ протоколу менен жактырылды.

Декан,
т.и.к, профессордун м.а. ____________________ Г.О. Эсеналиева

## 1. АННОТАЦИЯ

«Тарых боюнча атайын дисциплиналар» дисциплинасы социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планынын негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.1.13.) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн сааттардын жалпы саны – 120, аудиториялык сааттар – 64, анын ичинде дарс – 32, семинардык сабак – 32саатты түзөт. Ал эми 56 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 4 кредитти түзөт. Курс 6-семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (экзамендик бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**1-жадыбал. Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредити) | Бардыгы (саттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестация лоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб. иш | | |
| Б.3.2.1.13. | 6 | 4 | 120 | 32 | 32 | - | 56 | экзамен |

**Кыскача мазмуну:**

“Атайын тарыхый дисциплиналар” курсу Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекептеринде “Тарых” предметинин мазмунун өздөштүрүү окутуу жана үйрөтүү маселелерин карайт.

“Атайын тарыхый дисциплиналар” курсу келечектеги мугалимдин кесиптик ишмердигине байланыштуу тарых предметин материалдары окуп үйрөнүүдө тарыхый булактар менен иштөөдө, тарыхый процесстерди терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

“Атайын тарыхый дисциплиналар” курсунда студент тарыхча көмөктөш илимдерди окуп үйрөнүшөт.

Ошондой эле студенттер бул курстан төмөндөгү багыттагы билимдерге ээ болушат:

- Палеография
- Нумизматика
- Символика жана эмблематика
- Вексилоллогия
- Геральдика
- Сфрагистика
- Хронология
- Кыргыздардын жыл эсеби
- Метрология
- Дипломатика
- Этнология
- Генеалогия
- Тарыхый ономастика
- Топонимика
- Тарыхый антропология
- Археография жана археология

## 2.ОКУУ ДИСЦИЛИНАНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

***Предметтин максаты:***

Тарыхый изилдөөлөрдө атайын тарыхый дисциплиналардын ордун жана ролун белгилөө менен тарыхый булактар менен иштөөдө методикалык жолдорун колдонууга ээ болуу жана таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүү.

***Предметтин милдеттери:***

– атайын тарыхый дисциплиналардын ар биринин өзгөчөлүгүн анын маанисин студенттерге тааныштыруу;

– тарыхый булактардын түрүн жана типтерин анализдөөнү колдонууда көндүмдөргө ээ болуу;

– предметтерди окуп үйрөнүүдө окуучулардын таанып билүү мүмкүнчүлүгүнүн негизги факторлорун талдоо жана баалоо;

– окутуунун интерактивдүү ыкмаларын, жаңы технологияларын, программалык окутуу, долбоорлоо ишмердүүлүктөрүн колдоно билүүгө үйрөтүү;

– тарыхый булактарды классификациялоодо жана аны ылгап алууда принципиалдуу ачып берүүнү студенттерге тааныштыруу.

## 3. НББПНЫН ТҮЗҮМҮНДӨГҮ ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН ОРДУ

«Тарых боюнча атайын дисциплиналар» предмети социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планында негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.1.13.) орун алган.

Курсту жеткиликтүү өздөштүрүү үчүн студент «Алгачкы коомдун тарыхы», «Байыркы Чыгыштын тарыхы" курстары боюнча билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө, өз алдынча тарыхый булактар менен иштөө билгичтиктерине, көңдүмдөрүнө ээ болууга тийиш.

Жогорку дисциплиналарды өткөн соң студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 2-жадыбалда көрсөтүлдү

**2-жадыбал. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптындырылган компетенциялар**

| Код | | Кредит | Семестр | Компетенциялар |
|---|---|---|---|---|
| Б.3.2.1.1. | Алгачкы коомдун тарыхы | 4 | 2 | ЖИК-1; КК-10; КК-11; |
| Б.3.2.1.2. | Байыркы дүйнөнүн тарыхы | 6 | 2-3 | ЖИК-1; СИЖМК-2; КК-6; КК-11. |
| Б.3.2.1.4. | Кыргызстандын тарыхы (байыркы жана орто кылымдар мезгили) | 6 | 3-4 | ЖИК-1; СИМК-2; КК-5; КК-10; КК-13; КК-15; |
| Б.3.2.1.11. | Археология | 4 | 4 | ЖИК-1; КК-6; КК-13;КК-14; |
| Б.3.1.6. | Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы | 5 | 5 | КК-11; КК-12;КК-17; |

## 4. ДИСЦИПЛИНАНЫ ОКУТУУНУН БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ МЕНЕН КАТНАШТЫРЫЛГАН МЕРЧЕМДЕЛГЕН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**550400** социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профили боюнча даярдалган бакалавр НББПнын максат-милдеттерине жана ЖКББ МББСда көрсөтүлгөн кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерирне ылайык, жалпы илимий (ЖИК), инструменталдык (ИК), социалдык-инсандык жана жалпы маданий (СИЖМК), жалпы кесиптик (ЖКК) жана (КК) кесиптик компетенцияларга ээ болууга тийиш. “Байыркы Грециянын жана Римдин тарыхы” окуу дисциплинасын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу компетенциялардын тизмеси 3-жадыбалда көрсөтүлгөн.

## 4.ДИСЦИПЛИНАНЫ ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН НАТЫЙЖАСЫНДА АЛЫНУУЧУ ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР:

### 4.1. Калыптандырылуучу компетенциялар жана күтүлүүчү натыйжалар

**3-жадыбал**

| Компетен-циянын коду | | НББП өздөштүрүү жыйынтыгы Компетенциянын мазмуну | Курсту окутуунун жыйынтыгы боюнча күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|
| **Жалпы илимий компетенция** | **ЖИК-6** | туруктуу өнүгүүгө жана билим алууга даяр; (ЖИК-6); | ***Билет:*** ▪ туруктуу өнүгүү үчүн билим берүүнүн принциптерин. ▪ Кыргызстандын тарыхый өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн, анын дүйнөлүк коомчулук тутумундагы ордун; ***Колдоно билет:*** ▪ тарыхый процесстин себептик-натыйжалык байланыштары менен мыйзам ченемдүүлүктөрүн айкындоону, талдоону; |
| **Социалдык-инсандык жана жалпы маданий** | **СИЖМК-2** | көп маданияттуу коомдо окуучулардын маданий ар түрдүүлүктөрүнө карабастан, адептик жана укуктук эрежелерди эске алуу менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү | ***Билет:*** адам коомунун көп маданияттуулугун түшүнөт. ***Колдоно билет:*** коомдун маданий ар түрдүүлүктөрүнө карабастан, адептик жана укуктук эрежелерди эске алуу менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жөндөмүн |
| **Кесиптик компетенция** | **КК—5** | тарыхый фактыларды талдоого, себеп–натыйжалык байланыштарды көрсөтүүгө жөндөмдүү; | ***Билет:*** коомдогу адамдын ордун, тарыхтын мыйзам ченемдүүлүктөрүн, тарыхый фактылардын себеп жана натыйжасын, тарыхый артефакты, маалыматты туура айтууну. ***Колдоно билет:*** тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөр боюнча түшүнүктөрүн, тарыхый фактылардын себеп жана натыйжаларын азыркы турмуш менен байланыштыруу жолдорун, маалыматтарды туура пайдаланууну жолдорун |
| | **КК-9** | жазуу, оозеки жана буюм булактарындагы (артефакты) маалыматтарды туура айтып берүүгө (интерпретациялаганга) жазуу түрүндө жасалгалоого жана талдоого жөндөмдүү; | |

| | | |
|---|---|---|
| КК-13 | тарыхый фактыларды талдоого, себеп–натыйжалык байланыштарды көрсөтүүгө жөндөмдүү | ***Билет:*** тарыхый фактыларды талдоодо, себеп жана натыйжалык байланыштар болоорун түшүнөт.<br>***Колдоно билет:*** кесиптик ишмердүүлүгүндө себеп–натыйжалык байланыштарды көрсөтө алат |

Бул дисциплинаны окугандан кийин студент, адистиги боюнча курстук иштерде, дипломдук иштерде өз алдынча илимий изилдөөлөрдү, тыянактарды, анализдөөнү, окуяларды бири-бири менен салыштырууну үйрөнө алат жана ошондой эле мектептерге барганда окуучуларга билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү үйрөтө алат.

## 5. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАЗМУНУ ЖАНА ТҮЗҮМҮ

### 5.1. Окуу дисциплинасынын көлөмү жана окуу ишинин түрлөрү

**4-жадыбал**

| **Окуу ишинин түрү** | **Саattардын көлөмү** |
|---|---|
| Максималдуу окуу жүгү (бардыгы) | 120 |
| Милдеттүү аудиториялык окуу жүгү (бардыгы) | 64 |
| Анын ичинде: | |
| Дарстар | 32 |
| Практикалык сабактар | 32 |
| Студенттин өз алдынча иши (бардыгы) | 56 |
| Анын ичинде: | |
| практикалык сабактарга тапшырмаларды даярдоо | 30 |
| жүзачарларды (презентацияларды), рефераттарды, баяндамаларды, билдирүүлөрдү даярдоо | 24 |
| модулдук текшерүүлөргө, зачетко даярдануу | 10 |
| Жыйынтыктоочу аттестация: зачет. | |

### 5.2.КАЛЕНДАРЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАН

| **№** | **Тема** | **Лекция** | **Семинар-дык сабак** | **СӨИ** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|---|
| | ***1– модуль*** | | | | |
| 1 | Атайын тарыхый дисциплинасына киришүү | 1 | | | **1** |
| 2 | Палеография | 2 | 2 | 3 | **7** |
| 3 | Нумизматика | 2 | 2 | 4 | **8** |
| 4 | Символика жана эмблематика | 2 | 2 | 4 | **8** |
| 5 | Вексилоллогия | 2 | 2 | 3 | **7** |
| 6 | Геральдика | 2 | 2 | 4 | **8** |
| 7 | Сфрагистика | 2 | 2 | 4 | **8** |
| 8 | Хронология | 2 | 2 | 3 | **7** |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 9 | Кыргыздардын жыл эсеби | 1 | 2 | 3 | **6** |
| | **Жыйынтыгы** | **16** | **16** | 28 | **60** |
| | **2 модуль** | | | | |
| 1 | Метрология | 2 | 2 | 4 | **8** |
| 2 | Дипломатика | 2 | 2 | 3 | **7** |
| 3 | Этнология | 2 | 2 | 4 | **8** |
| 4 | Генеалогия | 2 | 2 | 4 | **8** |
| 5 | Тарыхый ономастика | 2 | 2 | 4 | **8** |
| 6 | Топонимика | 2 | 2 | 2 | **6** |
| 7 | Тарыхый антропология | 2 | 2 | 3 | **7** |
| 8 | Археография жана археология | 2 | 2 | 4 | **8** |
| | **Жыйынтыгы** | **16** | **16** | **28** | **60** |
| | **Баардыгы** | **32** | **32** | **56** | **120** |

**6-семестр**

## 5.3.Курстун мазмуну:

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

***1– модуль***

**Тема №1. Атайын тарыхый дисциплинасына киришүү.** Жалпы тарыхый, көмөктөш жана атайын тарыхый дисциплиналар – тарых илиминин бөлүгү катары. Курсту окуп үйрөнүнүн максаты жана милдеттери. Тарыхый булактар түшүнүгү жана түрлөрү. Көмөкчү жана тарыхый дисциплиаланалар тарыхчылардын кызматында.

**Тема №2. Палеография.** Палеографиянын предмети жана максаты. Полеографиянын методу. Палеографиянын практикалык мааниси. Жазуу качан, кайда жана кантип пайда болгон. Жазма даректер үчүн материалдар жана жазуу куралдары: чопо, таша, кагаз, тери, калем, бор, боёк. Аска беттериндеги сүрөттөр жана таш жазуулары. Кыргыздардын байыркы жазуусу. Орхон энесай жазмалары. Кырыгзстандагы жазуу эстеликтеринин тарыхы.

**Тема №3. Нумизматика.** Дисциплинанын предмети жана максаты. Нумизматикалык булактар. Тыйындын пайда болушу. Маталл акчаларын даярдоонун эволюциялык технологиялары. Тыйынды даярдоочу материалдар. Нумизматикалык изилдөөлөрдүн принциптери. Түрдүү элдердин байыркы тыйындары. Тыйын казыналары, алардын пайда болушунун себептери. Кыргыздарда жана Кыргызстанда колдонулган акча.

**Тема №4. Символика жана эмблематика.** Дисциплинанын предмети жана максаты. Эмблема жана символдор түшүнүгү жана аларды айырмалаган өзгөчөлүктөрү. Улуттук символика – улуттун маданий-психологиялык өзгөчөлүгүн чагылдыруу катары. Искусство жана маданият тарыхын ошондой эле саясий тарыхты изилдөөдөгү символика менен эмблеманын мааниси.

**Тема №5. Вексилоллогия.** Вексилоллогиянын предмети жана максаты. Вексилоллогиянын пайда болушу жана өнүгүшү. Терминология. Изилдөө объектисин

классификацияло . Желек, туу жана алардын түрлөрү (формасы, кызматы). Желек жана туулардын социалдык мааниси. Байыркы кыргыздардын асаба, туулары.

**Тема №6. Геральдика.** Геральдиканын предмети жана максаты. Геральдика боюнча булактар. Геральдиканын пайда болушу жана өнүгүшү. Гербдерди негизги жана кошумча элементтери. Гербди түзүүнүн негизги принциптери. Гербдердин түсү жана графикалык сүрөттөрү. Гербедерди классификациялоо, Гербдердин социалдык функциялары.

**Тема №7. Сфрагистика.** Сфрагистиканын пайда болушу жана өнүгүшү. Прдемет, объект жана изилдөө методдору. Печаттардын тышкы көрүнүшү, алардын түрлөрү, материалдары жана даярдоо жолдору.
Кыргыздар колдонгон белги –тамгалар, алардын чечмелениши.
Жеке адамдар жана уруу башчыларына тиешелүү мөөрлөр жана урууунун эн тамгалары.
Ар бир уруунун эн тамгасы жана анын келип чыгышы тарыхы.

**Тема №8. Хронология.** Хронологиянын предмети жана максаты. Хронологиянын пайда болушу жана практикалык мааниси. Хронология боюнча булактар. Убакыт жөнүндө түшүнүк. Чен бирдиктери (күн, түн, сутка, жума, апта, ай, жыл, кылым, миң жылдык, доор). Ай эсеби, күн календары (жыл эсеби), Юлиан, Григориан жана мусулман календарлары.

**Тема №9. Кыргыздардын жыл эсеби.** Кыргыздардагы убакыт жөнүндө түшүнүгү. Он эки айбандык (мүчөл) жыл эсеби. Жыл жана ай эсеби. Айлардын аталышы жана чечмелениши

***2 модуль***

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

**Тема №1. Метрология.** Метрологиянын предмети жана максаты. Метрологиянын методу. Метрологиянын пайда болушу жана анын практикалык мааниси. Метрология боюнча булактар. Чен бирдиктеринин келип чыгышы. Аралыкты, аянтты жана узундукту ченөөнүн алгачкы бирдиктери: күн жолу (өткөөлдөр, күн жана түн), саржан, фут, аршин, вершок, дюм, чакырык, десятина, теше, фарсах, миль, стадий ж.б.
Салмакты жана көлөмдү ченөө бирдиктери: пуд, фунт, челек, чака, бөтөлкө, аяк, код, чейрек, осьмин, вир, унаа (ат, төө, эшек) жүгү.
Кыргыздардын аралыкты, аянтты, узундукту ченөөнүн алгачкы бирдиктери: күн жолу (өткөөлдөр, күн жана түн), чыканак, кадам, алакан, кулач, карыш, укум, эли, аркан бою, чылбы бою, сөөмөй, чакырым, ат чабым, чай кайнам узак, теше, таман ж.б.

**Тема №2. Дипломатика.** Дипломатиканын предмети жана максаты. Дипломатиканын пайда болушунун себептери, жана анын палеография менен пайланышы.
Дипломатикалык изилдөөлөрдүн этаптар жана өнүгүшү. Булак – документ – акт: терминологиясы жана анын эволюциясы. Кызматынын түрлөрү, компоненттери. Акты материалдарынын типологиясы. Дипломатиялык изилдөөлөрдүн негизги принциптери.

**Тема №3. Этнология.** Дисциплинанын предмети жана максаты. Этнология термини. Этнология илиминин келип чыгышы жана өнүгүшү. Этнология боюнча булактар. Кыргыз этнологиясы.

**Тема №4. Генеалогия.** Генеалогиянын предмети жана максаты. Генеологиялык изилдөөнүн методдору. Генеалогиялык таблицанын типтери. Генеологиянын социалдык мааниси. Санжыра: ата-бабалар, укум-тукумдар, урпактар, муундар. “Адамдын жашоо ыңгайы”: өткөн, бүгүнкү доор жана келечек менен салыштыруу. Санжырачылыктагы

салттар – Инжилде (Библияда), Куранда, түрк элдеринин дастандарында жана уламыштарында.
Кыргыз санжырачылык салты. Осмоналы Сыдык уулу. Манас баатырдын санжыралык тегин аныктоо. Өз санжырасын түзүү.

**Тема №5. Тарыхый ономастика.** Тарыхый ономастиканын предмети жана милдети. Тарыхый ономасиканын бөлүмдөрү. Тарыхый ономастика боюнча булактар. Элдин, уруунун жана уруктун аталыштары. Адам аттары. Кыргыздар колдонгон адам аттары.

**Тема №6. Топонимика.** Топонимика эмнени үйрөтөт? Географиялык картадагы аталыштар жана алардын маани-маңызы. Топонимдерди түзүүнүн негизги жолдору (отурукташкан жайдын же анын кожоюунун, тарыхый инсандардын атынан, объектинин географиялык өзгөчөлүктөрүнөн). Гидронимдер жана урбонимдер. Географиялык аталыштар – өткөндүн күбөлөрү. Кыргыздардын тарыхый жана географиялык аталыштары. Географиялык аттардын келип чыгышы жөнүндө кыргыз уламыштары. Кыргызстандагы жер-суу, шаар, айыл-кыштактардын аталыштары жана аларды кайра атоолор жөнүндө.

**Тема №7. Тарыхый антропология.** Тарыхый антропологиянын предмети жана максаты. Антропологиялык изилдөө методу. Антропология илиминин пайда болушу жана анын практикалык мааниси. Кишинин табияты жана расалар. Кыргызстандын аймагындагы антропологиялык табылгалар. СССРдеги биринчи тарыхычы-антрополог М.Герасимов.

**Тема №8. Археография жана археология.** Археографиянын предмети жана максаты. Археографиянын өнүгүүсүнүн негизги этаптары. Талаа археографиясы, иш жүргүзүүдөгү негизги багыттар. Археографиянын этнография жана социалдык антропология менен байланышы.
Археологиянын предмети жана максаты. Археологиялык булактар жана изилдөөлөр. Археология илиминин пайда болушу жана өнүгүшү.Заттык маданий эстеликтер: турак жайлар, имараттар жана коргондор, шаймандар, курал-жарактар, идиш аяктар, эмеректер, кооздук буюмдары. Табылгалардын пайда болгон мезгилин аныктоо, этносистемалык хронология боюнча тактоо иштери.Кыргызстандагы археологиялык эстеликтер.

## 5.4.Рефераттардын болжолдуу темалары:

**1-модуль**
**БИРИНЧИ БӨЛҮМ**

1. Тарыхый булактар түшүнүгү жана түрлөрү.
2. Кыргыздардын байыркы жазуусу.
3. Орхон-энесай жазмалары
4. Түрк элдеринин жазуусу
5. Кыргыздардын нумизматикасы
6. Улуттук символикалар - улуттун маданий-психологиялык өзгөчөлүгүн чагылдыруу катары
7. Байыркы кыргыздардын асаба, туулары
8. Гербдин негизги элементери жана социалдык кызматы
9. Жеке адамдар жана уруу башчыларына тиешелүү мөөрлөр жана урууунун эн тамгасы жана анын келип чыгышы
10. Хронология илиминин пайда болушу жана өнүгүшү
11. Григориандык реформа жана анын Европа өлкөлөрүнө тарашы
12. Юлиан календары жанан анын өзгөчөлүктөрү

13. Мусулман календары
14. Кыргыздардын жыл эсеби

**2-модуль**
**ЭКИНЧИ БӨЛҮМ**

1. Кыргыз метрологиясы
2. Дүйнөлүк метрология
3. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн этаптарында дипломатикалык байланыш тарыхы
4. Кыргыз этнологиясы
5. Санжырачылыктагы салттар – Инжилде (Библияда), Куранда, түрк элдеринин дастандарында жана уламыштарында
6. Кыргыз санжырачылык салты
7. Тарыхый ономастика
8. Кыргыздардын антропонимикасы
9. Кыргыздардын тарыхый жана географиялык аталыштары
10. Тарыхый антропология
11. Кишинин табияты жана расалар.
12. Кыргызстандын аймагындагы антропологиялык табылгалар
13. Заттык маданий эстеликтер
14. Кыргызстандагы археологиялык эстеликтер
15. Талаа археографиясы

### 5.5. Студенттердин өз алдынча иштери (СӨИ) боюнча тапшырмалар жана суроолор

| № | СӨИнин темалары | СӨИ аткаруунун түрү |
|---|---|---|
| 1 | Леонтьева Г.А. Палеография, археография, хронология, геральдика, системы социального этикета: Эл. прил. к учебнику "Вспомогательные исторические дисциплины": учебник http://www.studentlibrary.ru/book/ISBN9785691021381.html ***Палеография.*** | Дискуссия, презентация кылуу. Группа 2 командага бөлүнөт. Командалар жогоруда көрсөтүлгөн аткарылуучу иштердеги суроолорго жооп беришип презентация кылышат. |
| 2 | Абрамова Н.Г ., Круглова Т.А. Вспомогательные исторические дисциплины. / Н.Г. Абрамова, Т.А. Круглова. – М.: Академия, 2010. ***Нумизматика*** | Реферат даярдоо. Реферат боюнча талкуу жүргүзүү. |
| 3 | Введение в специальные исторические дисциплины: Учебное пособие для вузов по специальности «История». / О.В. Дмитриева, А.П. Черных, А.С. беляков и др. - М.: Изд-во Московского университета, 1990. ***Искусство жана маданият тарыхын ошондой эле саясий тарыхты изилдөөдөгү символика менен эмблеманын мааниси.*** | Доклад. Жогорудагы берилген суроолор боюнча талкуу жүргүзүү |
| 4 | Кыргыздар санжыра, тарых, мурас, салт. Түзгөн: К.Жусупов 1-4 т., Бишкек, 1991 ***Вексилоллогия. Байыркы кыргыздардын асаба, туулары*** | Коллоквиум |
| 5 | Какеев А.Ч. Государственные символы Кыргызской Республики . Бишкек.,2003. | Реферат даярдоо. Реферат боюнча талкуу жүргүзүү. |

| | | |
|---|---|---|
| | ***Кыргыз мамлекеттүүлүк мезгилиндеги мамлекеттик символдору*** | |
| 6 | Солтоноев Б. Кызыл Кыргыз тарыхы . Бишкек., Учкун., 1-2 китеп, 1991.<br>***Кыргыздар колдонгон белги –тамгалар, алардын чечмелениши. Жеке адамдар жана уруу башчыларына тиешелүү мөөрлөр жана урууунун эн тамгасы жана анын келип чыгышы*** | тегерек стол.<br>Жыйынтыгы: маселелерди баяндоо, талдоо жана анализ жасоо |
| 7 | Леонтьева Г.А. Палеография. Хронология. Археография. Геральдика. Практическое пособие для ВУЗов. М., 2000.<br>***Ай эсеби, күн календары (жыл эсеби), Юлиан, Григориан жана мусулман календарлары.*** | Топтогу иштөө.<br>Жыйынтыгы: Каралуучу маселелер боюнча студенттер даярданат. Берилген тапшырмалары боюнча слайддарды түзүп аларды презентациялашат. |
| 8 | Бөкөшөв Ж. Кыргыздардын салттуу билимдери Бишкек., 2018<br>***Кыргыздардын жыл эсеби.*** | Доклад даярдоо<br>Жыйынтыгы: Докладдар талкууга алынат. Презентацияланат |
| 9 | Кыргыздар санжыра, тарых, мурас, салт. Түзгөн: К.Жусупов 1-4 т., Бишкек, 1991<br>***Кыргыз метрологиясы*** | Коллоквиум |
| 10 | 1. Солтоноев Б. Кызыл Кыргыз тарыхы . Бишкек., Учкун., 1-2 китеп, 1991.<br>2. Кыргыздар санжыра, тарых, мурас, салт. Түзгөн: К.Жусупов 1-4 т., Бишкек, 1991<br>***Кыргыз этнологиясы*** | Реферат даярдоо. Реферат боюнча талкуу жүргүзүү. |
| 11 | Закиров С. Кыргыз санжырасы. Б., 1996;<br>***Кыргыз санжырачылык салты*** | Презентация |
| 12 | Ш.Жапаров. Адам аттары – эл байлыгы. – Бишкек, 2009.<br>***Антропонимика. Элдин, уруунун жана уруктун аталыштары, адам аттары*** | Доклад даярдоо<br>Жыйынтыгы: Докладдар талкууга алынат. Презентацияланат |
| 13 | Э.Асанов. Кыргызстандын жер-суу аттары. – Бишкек, 2012.<br>***Кыргыздардагы тарыхый жана географиялык аталыштар*** | Топтогу иштөө.<br>Жыйынтыгы: Каралуучу маселелер боюнча студенттер даярданат. Берилген тапшырмалары боюнча слайддарды түзүп аларды презентациялашат. |
| 14 | Харитонов В. М., Ожигова А. П., Година Е. З. Антропология . Владос, 2004. 272 с<br>***Тарыхый антропология*** | Доклад даярдоо<br>Жыйынтыгы: Докладдар талкууга алынат. Презентацияланат |
| 15 | *Чугаев Д. А.* Археография и источниковедение. М., 1969 | Топтогу иштөө. |

| | | |
|---|---|---|
| | ***<u>Талаа археографиясы, иш жүргүзүүдөгү негизги багыттар</u>*** | Жыйынтыгы: Каралуучу маселелер боюнча студенттер даярданат. Берилген тапшырмалары боюнча слайддарды түзүп аларды презентациялашат. |

## 5.Студенттердин өз алдынча иштерине (СӨИ) адабияттар


1. Абрамова Н.Г., Круглова Т.А. Вспомогательные исторические дисциплины. М., 2008.
2. Леонтьева Г.А., Шорин П.А., Кобрин В.Б. Вспомогательные исторические дисциплины. М., 2003.
3. Римский С.В. Вспомогательные исторические дисциплины. М., 2006.
4. Бабич А.В., Лавренов В.И. Введение в общую нумизматику. М., 1998.
5. Вилинбахов Г.В., Вилинбахова Т.Б. Святой Георгий Победоносец. Спб., 1995.
6. Всеволодов И.В. Беседы о фалеристике. Из истории наградный систем. М., 1990.
7. Драчук В.С. Рассказывает геральдика. М., 1977.
8. Лавренов В.И. Вексиллология. Тверь. 2000.
9. Лавренов В.И. Герб Твери. История эмблемы и символа. Тверь, 1994.
10. Лавренов В.И., Лавренова М.В. Старинные гербы городов Тверской земли. Калинин, 1989.
11. Леонтьева Г.А. Палеография, хронология, археография, геральдика. М.,2000.
12. Соболева Н.А. Старинные гербы Российских городов. М., 1985.
13. Спасский И.Г. Русская монетная система. Л., 1970.
14. Усенко О.Г. К определению понятия “менталитет” // Российская ментальность: методы и проблемы изучения. Мировосприятие и самосознание русского общества. Вып.3. М., 1999. С.23-77.
15. Шепелев Л.Е. Титулы, мундиры, ордена в Российской империи. Спб., 1991.
16. Шепелев Л.Е. Чиновный мир России XVIII-начало XX в. Спб., 1999.
17. Беловинский Л.В. Вспомогательные исторические дисциплины. М., 2000. 128 с.
18. Введенский Г.Э. Терминология мундироведения. Учебное пособие. - СПб.,1998.
19. Вспомогательные исторические дисциплины: высшая школа, исследовательская деятельность, общественные организации. М., 1994.
20. Вспомогательные исторические дисциплины: Историография и теория. Киев, 1988.
21. Голованова М.П. Из истории музейного дела в России. Материалы к биографии хранителя Оружейной Палаты Ю.В. Арсеньева // Гербовед. 1997. №22. С.137-142.
22. Зограф А.Н. Античные монеты. М-Л., 1951.
23. Казаманова Л.Н. Введение в античную нумизматику. М., 1969.
24. Каменцева Е.И. История вспомогательных исторических дисциплин. М., 1979.
25. Каждан А.П. Под сенью дружных муз. Удивительный мир истории. М., 1998.
26. Лавренов В.И., Борисов А.В. Документоведение. Системный подход в гуманитарном познании памятников истории, культуры и права. Ч.I.
27. Теория и методика вспомогательных исторических дисциплин как особой системы познания памятников истории, культуры и права. Тверь, 1999.
28. Мельникова А.С. Булат и злато. М., 1990.

29. Мурашев Г.А. Титулы, чины, награды. Спб., 2000.
30. Петрова Н.Г. Введение в историю. М., 1998.
31. Потин В.М. Монеты, клады, коллекции. Очерки нумизматики. Спб., 1993.
32. Ражнев Г.В. Герб Смоленска. М., 1993.
33. Соболева Н.А. Русские печати. М., 1991.
34. Специальные исторические дисциплины. Учебное пособие. Киев, 1992.
35. Федонин А.Р. Знакомство с историей. Донецк, 1997.
36. Федонин А.Р. История. Знакомство продолжается. Донецк, 1999.
37. Фуко М. Слова и вещи. Археология гуманитарных наук. Спб., 1994.
38. Узденников В.В. Монеты России XVIII - начала XX века. М., 1994.
39. Усенко О.Г. К определению понятия “менталитет” // Русская история: проблемы менталитета. Тезисы докладов научной конференции. Москва, 4-6 октября 1994 г. М., 1994. С.3-7.

## 6. БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

### 6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу билим берүү технологиялары

«Тарых боюнча атайын дисциплиналар» окуу предметин өтүүдө аудиториялык сабактарда негизинен дарс технологиясы басымдуу колдонулат. Дарстардын негизги милдети – студенттерди ММКнын теориясы жана практикасы боюнча билимдер тутуму менен тааныштыруу. Дарстар дисциплинанын программасында камтылган негизги маселелерди чагылтат. Материалды баяндап берүүдө дарстардын ар кыл түрлөрү: киришүү дарсы, проблемалуу дарс, илгерилетүүчү дарс, жыйынтыктоочу дарс колдонулат. Окутуучу студенттердин ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү, теманын жеке маселелерин талдоо, жалпылоо, өзгөчөлүктөрүн айкындоо билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу милдетинкоёт.

### 6.2. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

Практикалык сабактар теориялык жана практикалык мүнөздөгү суроолорду камтышат. Талкууга коюлуучу маселелер мазмундуу, актуалдуу келип, дарстарда берилген негизги жоболорду чагылтууга тийиш. Практикалык сабактарды өтүү дарстарда берилген билимдерди бышыктоого жана студенттерди өз алдынча иштөөгө багыттоого арналат. Практикалык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге каралып жаткан маселе боюнча өз көз карашын айтууга жана аны талкуу учурунда коргоого үйрөнүүгө жол ачат. Практикалык сабактарда студенттердин илимий маалымат менен иштей билүү, чечимдерди талдай жана жалпылай, кабыл ала жана негиздей билүү билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу, өркүндөтүү дидактикалык маселелери чечилет.

Аналитикалык жалпылоо – окулганды суммалоону, кошууну болжогон жазуу ишинин түрү. Окулгандын негизинде түзүлөт, окулганды туура түшүнүүнү чагылтат. Макалада же китепте камтылган материал жалпыланчу жана кыска бааланчу жазуу иши.

Аргументтүү эссе – аргументацияны камтыган жазуу иши, мында автор кайсы бир жобону далилдейт.

Ассоциативдүү жазуу – иштелген, өтүлгөн тексттин, сабактын темасы боюнча эркин, үзгүлтүксүз, токтобой жазуу, талкуулоо. Белгилүү бир убакыттын ичинде сөздөрдү, фразаларды, өзүнчө сүйлөмдөрдү үзгүлтүксүз жазуу аркылуу ишке ашырылат.

«Биргелешип издөө» дискуссиясы – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү

максатында талкуу жүргүзүү. Жетелөөчү суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт.

Венндин диаграммасы – бири бири менен кесилишкен айлана түрүндөгү схема, ал фактыларды, көрүнүштөрдү, идеяларды салыштыруу үчүн колдонулат. Схема айырмаларды да, окшоштуктарды да аныктоого жардамдашат.

Дискуссия – туура ыкмаларды гана колдонуп, акыйкаттыкка жетүүгө багытталган талаш. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Анын максаты түрдүү көз караштарды кароо, акыйкаттыкты издөө, табуу болуп саналат.

Жуптарда иштөө – проблеманы, суроону жуп-жуп болуп талкуулоо. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

Кайчылаш дискуссия – эки ача суроонун негизинде, эки тараптын өз аргументтерин (жүйөөлөрүн) кезек менен келтирүүсү түрүндө так уюштурулган дискуссия.

Кичи топтордо иштөө – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

РАФТ – студенттерди «Роль-Аудитория-Форма-Тема» жол-жобосу аркылуу өткөрүүнү болжогон чыгармачыл жазуу ишинин түрү. Белгилүү бир стилде чыгарма жазууга үйрөтүү болжонот.

Ротация усулу менен пикир алмашуу – чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, маселелерди, проблемаларды белгилүү бир схема боюнча талкуулоо.

Т-схема – аргументтер менен контраргументтерди келтирүү үчүн графикалык уюштуруучу. Маалыматты классифкациялоого, баалоого, тутумдаштырууга жол берет. Мында карама-каршы турумдар көрсөтмөлүү берилет.

Түрдүү булактар боюнча баяндама – изилдөө керек болгон суроолорду жана ошол суроолорго ар кыл булактардан (окуу-усулдук, илимий ж.б.) табылган жоопторду камтыган жадыбалдын негизинде жазуу ишине даярдануунун ыгы. Студенттер тема боюнча суроолорду коюшат да, түрдүү китептерден аларга жооптор издешет.

Эссе – конкреттүү себеп же маселе боюнча жекече таасирлер менен пикирлерди чагылтуучу, баяндоонун предметин аныктоого жана аягына чыгарууга талаптанбаган, көлөмү чакан жана композициясы эркин прозалык чыгарма. Темага карата жекече мамиле ачылат.

**5-жадыбал. Интерактивдүү формаларда өтүлүүчү аудиториялык сабактардын үлүшү**

| **Семестри** | **Сабактын түрү** (Д, ПС) | **Колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары** | **Сааттардын саны** |
|---|---|---|---|
| 4 | Д | Проблемалуу дарс, илгерилетилген дарс | 20 |
| | ПС | «Венндин» диаграммасы, «Биргелешип издөө» дискуссиясы, дискуссия, жуптарда иштөө, кайчылаш дискуссия, кичи топтордо иштөө, РАФТ, ротация, Т-схема, түрдүү булактар боюнча баяндама, эки бөлүктүү күндөлүк, интервью ыкмасы. | 30 |
| **Жыйынтыгы:** | | | 50 |

Окуу дисциплинасынын аудиториялык сабактарында интерактивдүү формада өтүлүүчү сааттардын жалпы үлүшү 65%ды түзөт.

## 7. ЖЕТИШҮҮНҮ КҮНДӨЛҮК ТЕКШЕРҮҮНҮН, АРАДАГЫ АТТЕСТАЦИЯНЫН ЖАНА ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНДА ИШКЕ АШЫРЫЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫН БААЛООЧУ КАРАЖАТТАРЫ

550400 – социалдык-экономикалык берүү багытынын ЖКББ МББСнын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын себили түзүлгөн (1-тиркеме). Ага 1-2-модулдун (арадагы аттестациянын, зачеттун) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн модулдун жана зачеттун тесттери кирет.

## 8. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫ БОЮНЧА ТЕКШЕРҮҮЧҮ-БААЛООЧУ ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮ УЮШТУРУУ

**8.1**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат. Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 76-85 упай, “орто” – 60-75 упай, “жаман” – 0-59 упай). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачёт) жазуу формада өткөрүлүп, ал үчүн тесттер даярдалат. Тесттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат.

**8.2. Көзөмөлдөөнүн тариздери**

Студент-бакалаврдын билимдерин, жөндөмдөрүн, кесипке ээ болуу даярдыгын көзөмөлдөө модулдук-рейтингдик система аркылуу окуу семестринде эки модуль кабыл алуу ишмердүүлүгүндө жүргүзүлөт.

*Күндөлүк көзөмөлдөөгө:* лекцияларга катышуу жоопкерчилиги жана лекциялардагы интерактивдүү, эксперттик иштер, семинарга катышуусу, семинардагы жигердүүлүгү, өз алдынча иштер боюнча берилген суроолорго жооп берүү, аңгемелешүү, берилген практикалык тапшырмаларды аткаруу. Ишмердүүлүк дээрлик *(окутуучу-студент жана окутуучу-студент-студент)* схемасы аркылуу аткарылат.

*Аралык көзөмөлдөөгө:* Бөлүмдүн бүтүшү менен өз алдынча контролдук иштерди аткаруу, биринчи жана экинчи модулдарды тапшыруу жыйынтыктары кирет.

*Жыйынтык көзөмөлдөөнү*: окуу планындагы семестрдин жыйынтыгы менен экзамен тапшырууда күндөлүк жана аралык көзөмөлдөөлөрдүн жыйынтыктары менен чыгарылат

## 8.3.СТУДЕНТТЕРДИН ОКУУДАГЫ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Демек, студенттердин билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн көзөмөлдөөнүн аралыктык жана күндөлүктүк болуп жүргүзүлүшү, аларга алган билимдерин системага келтирүүгө, билгичтигин бекемдөөгө, туруктуу көндүмдөрдү калыптандырууга жана тартиптин сакталышына жардам берүү менен алардын билимдерин төмөндөгүдөй критерийлерде баалоого мүмкүндүк түзөт.

**Студенттердин окуудагы жетишкендиктерин баалоо төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:**

- Күндөлүк көзөмөлдөө боюнча баалоо (сабактарда суроо берүү, контролдук иштер, презентациялар, семинардык сабактардагы активдүүлүгүн баалоо ж.б.);

- Аралык көзөмөлдөө боюнча баалоо (күндөлүк көзөмөлдөөнүн жыйынтыгын чыгаруу жана аралык көзөмөлдөөнү жүргүзүү: оозеки же жазуу түрүндөгү тапшырмалар, тесттик тапшырмалар);
- Студенттин өз алдынча иштерин көзөмөлдөө боюнча баалоо (рефераттар, эсселер, изилдөө иштери, презентациялар, буклеттер ж.б.).

**5.1. 6-жадыбал.Студенттердин билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн көзөмөлдөөнүн критерийлери (УРК) (ар бир модуль сайын)**

| № | Алган билиминин критерийлери | Күндөлүк көзөмөлдөөнүн баллы (критерийлер боюнча) | Күндөлүк көзөмөлдөөнүн жыйынтык баллы |
|---|---|---|---|
| **1** | **Маалыматтарды так билүүсү** | | |
| | Маалыматты так билет | **4** | 1-4 |
| | Маалыматты негизинен так билет | 3 | |
| | Маалыматты анча так эмес билет | 2 | |
| | Маалымат так эмес | 1 | |
| **2** | **Маалыматтарды талдоого ала билүүсү** | | |
| | Маалыматты жакшы түшүнгөнүн көрсөттү | **4** | 1-4 |
| | Маалыматты анча жакшы түшүнбөгөнүн көрсөттү | 3 | |
| | Маалыматты минималдуу гана түшүнгөнүн көрсөттү | 2 | |
| | Маалыматты жеткиликтүү деңгээлде түшүнбөгөнүн көрсөттү | 1 | |
| **3** | **Терминдерди билүүсү** | | |
| | Терминдерди толугу менен туура колдонот | **4** | 1-4 |
| | Терминдердин көпчүлүгүн туура колдонот | 3 | |
| | Терминдерди минималдуу гана туура колдонот | 2 | |
| | Терминдерди туура эмес колдонот | 1 | |
| **4** | **Студенттин активдүүлүгү** | | |
| | Семинардык сабактарга активдүү катышуусу | **1** | 1-4 |
| | Сабакка келүүсү | 1 | |
| | Чыгармачылык менен ой жүгүртүүсү | 1 | |
| | Өз алдынча иштердин убагында аткарылышы | 1 | |
| | **Жыйынтык** | **18-30** | **18-30** |

**7-жадыбал. Студенттин билимин модулдук -рейтингдик көзөмөл аркылуу баалоо (ар бир модуль сайын)**

| Студенттин тапшырманы аткаруудагы балдар | | Тапшырманын аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 30-28 | 5 – «эң жакшы» | Берилген тапшырманы аткарган шартта, программалык материалды толук билүүсү, мурда окуган маалыматтарды системага келтире алуусу |

| | | |
|---|---|---|
| 27-23 | 4 – «жакшы» | Студент маалыматтарды өздөштүргөн, негизги түшүнүктөрдү жана терминдерди билет, бирок бир аз ката кетирген болсо. |
| 22-18 | 3 – «орто» | Студент маалыматтардын негизин түшүнөт, бирок көпчүлук суроолорду так эмес белгилейт. |
| 18ден төмөн | 2 – «жаман» | Негизги суроолорду түшүнбөйт, принципиалдуу каталар кетирилген. |

**8-жадыбал. Студенттин өз алдынча иштерине көзөмөл жүргүзүү аркылуу баалоо (ар бир модуль сайын)**

| Студенттин жазуу иштеринин (өз алдынча ишинин) баасы | | Жазуу иштеринин (өз алдынча иштин) аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 36-40 | 5 – «эң жакшы» | «Эң жакшы деген» баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин актуалдуулугу каралса, коюлган маселе боюнча ар түрдүү көз караштарга кыскача анализ берилсе жана өзүнүн көз карашын аргументүү далилдей алса, так жана даана корутундуларды чыгара алса, тема толугу менен ачылса, кошумча суроолорго толук жооп берсе коюлат. |
| 30-36 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага негизинен жооп берсе, мазмуну негизинен жеткиликтүү болсо, темадан четтөөлөр анча маанилүү болбосо, материалды баяндоодо так эместик байкалса, өзүнүн көз караштарында логикалык ыраттуулуктун болбошу, жазуу ишин коргоо убагында кошумча суроолорго толук жооп бере албаса коюлат. |
| 24-30 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмунунда темадан өтө олуттуу четтөө болсо, мазмуну негизинен жеткиликтүү, бирок айрым фактылык так эместиктер кездешсе, ырааттуу баяндоонун бузулуусуна жол берилсе, аргументтүү жыйынтык чыгара албаса, жазуу ишин коргоо учурунда так жана толук жооп бере албаса коюлат. |
| 0-23 | 2 – «жаман» | «Жаман» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага ылайык келбесе, көптөгөн фактылык так эместиктер кездешсе, ыраатсыз баяндалса, коюлган проблеманы түшүнбөсө коюлат. |

НМУда студенттердин билимин баалоодо 100 баллдык баалоо системасы колдонулат жана баалоонун жыйынтыктары модулдун жыйынтыктары катары AVN маалыматтык системасына киргизилет. AVN маалыматтык системасында биринчи жана экинчи модулдун жыйынтыктары кошулуп эсептелинген соң, кайрадан экиге бөлүнүп автоматтык түрдө жыйынтык балл келип чыгат.Төмөнкү таблицада студентер топтой турган баллдардын минималдуу жана максималдуу маанилери келтирилген.

| Текшерүүнүн түрү | Минималдуу балл | Максималдуу балл |
|---|---|---|
| УЖТ | 18 | 30 |

| | | |
|---|---|---|
| СЖӨИТ | 24 | 40 |
| МТ | 18 | 30 |
| **Жыйынтыгы** | **60** | **100** |

**9-жадыбал. Студенттин тесттик тапшырмаларын баалоо**

| **Студенттин тести аткаруудагы балдар** | | **Тесттин аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар** |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 30-28 | 5 – «эң жакшы» | Берилген тапшырманы аткарган шартта, программалык материалды толук билүүсү, мурда окуган маалыматтарды системага келтире алуусу |
| 27-23 | 4 – «жакшы» | Студент маалыматтарды өздөштүргөн, негизги түшүнүктөрдү жана терминдерди билет, бирок бир аз ката кетирген болсо. |
| 22-18 | 3 – «орто» | Студент маалыматтардын негизин түшүнөт, бирок көпчүлук суроолорду так эмес белгилейт. |
| 18ден төмөн | 2 – «жаман» | Негизги суроолорду түшүнбөйт, принципиалдуу каталар кетирилген. |

Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (экзаменден) бошотулат.

## 9. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда (дарска же практикалык сабакка), ал ошол аудиториялык иштин (дарстын же практикалык сабактын) программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган дарстын конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, илимий адабияттардан жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

## 10. ДИСЦИПЛИНАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДООСУ

**<u>Негизги адабияттар</u>:**


1. Беловинский Л.В. Вспомогательные исторические дисциплины. М., 2000. 128 с.
2. Леонтьева Г.А., Шорин П.А., Кобрин В.Б. Вспомогательные исторические дисциплины. М., 2003.
3. Римский С.В. Вспомогательные исторические дисциплины. М., 2006.
4. Вспомогательные исторические дисциплины: Историография и теория. Киев, 1988
5. Каменцева Е.И. История вспомогательных исторических дисциплин. М., 1979.

6. Шепелёв Л.Е. Источниковедение и вспомогательные исторические дисциплины: К вопросу о их задачах и роли в историческом исследовании // вспомогательные исторические дисциплины. Л., 1982. Вып.13.

**Кошумча адабияттар:**

1. Абрамзон С. М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча таңдалма эмгектер. Б., 1999;
2. Абрамзон С. М. Народные предания как источник для изучения этнической истории киргизов Центрального Тянь-Шаня. // Этническая история народов Азии. М., 1972.
3. Абуль-Гази хан Родословное древо тюрков. Казань, 1906;
4. Алымбектин санжырасы. Б., 2007;
5. Арсеньев Ю. В. Геральдика. Лекции, читанные в Московском Археологическом институте в 1907—1908 году. — М.: ТЕРРА — Книжный клуб, 2001. — 384 с.
6. Балыкооздун санжырасы. Б., 2009;
7. Бикерман Э. Хронология древнего мира. Ближний Восток и античность / Пер. с англ. И. М. Steблин-Каменского. — М.: Наука, 1975.
8. Драчук В.С. Рассказывает геральдика. М., 1977.
9. Дьяконов И. М. Откуда мы знаем, когда это было // Наука и жизнь, № 5, 1986. — С. 66—74.
10. Ермолаев И. П. Историческая хронология. — Каз.: Изд-во Казанского университета, 1980.
11. Закиров С. Кыргыз санжырасы. Б., 1996;
12. Корнева И. И., Тальман Е. М., Энштейн Д. М. История археографии дорев. России. М., 1969
13. Кыргыз санжырасы. «Ала-Тоо» журналынын редакциясы. Б., 1994;
14. Кыргыз санжырасы. Ф., 1990.
15. Лавренов В.И. Вексиллология. Тверь. 2000.
16. Лавренов В.И. Герб Твери. История эмблемы и символа. Тверь, 1994.
17. Мухаммед Хайдар Дулати Тарих-и Рашиди. А., 1999;
18. О.Каратаев, С.Эралиев. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. Бишкек. "Бийиктик" - 2005-ж
19. Пастуро М. Геральдика / пер. с фр. А. Кавтаскина. — М.: Астрель: АСТ, 2003. — 144 с.
20. Проблемы полевой археографии. М., 1979
21. Селешников С. И. История календаря и хронология. — М., 1970 (со списком более ранней литературы).
22. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. Б., 1993, Т. 1–2;
23. Сыдыков О . Тарыхы кыргыз Шадмания:
24. Э. Төрөкан уулу Кыргыздын кыскача санжырасы. Б., 1995. Т.1–2;

## 11. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗДООСУ

Окуу аудиториясы, компьютердик класс, такта, маркер, бор ж.б.каражаттар.

## МОДУЛДУК СУРООЛОР

### 1 -МОДУЛЬ
### БИРИНЧИ БӨЛҮМ

1. Жалпы тарыхый, көмөктөш жана атайын тарыхый дисциплиналар – тарых илиминин бөлүгү катары
2. Палеографиянын предмети жана максаты.
3. Жазуу качан, кайда жана кантип пайда болгон.
4. Нумизматканын предмети жана максаты жана нумизатикалык булактар
5. Тыйындын (монета) пайда болушу. Түрдүү элдердин байыркы тыйындары
6. Металл акчаларды даярдоонун эволюциялык технологиялары
7. Нумизматикалык изилдөөнүн принциптери
8. Эмблема жана символ түшүнүгү жана алардын айырмаланган өзгөчөлүктөрү
9. Вексилоллогиянын пайда болушу жана өнүгүшү
10. Геральдика илиминин пайда болушу жана өнүгүшү
11. Гербдин негизги жана кошумча элементтери
12. Сфрагистиканын пайда болушу жана өнүгүшү. Прдемет, объект жана изилдөө методдору
13. Печаттардын тышкы көрүнүшү, алардын түрлөрү, материалдары жана даярдоо жолдору
14. Хронологиянын предмети, милдети жана анын практикалык мааниси
15. Убакыт жөнүндө түшүнүк
16. Чен бирдиктери (күн, түн, сутка, жума, апта, ай, жыл, кылым, миң жылдык, доор)
17. Ай эсеби, күн календары (жыл эсеби), Юлиан, Григориан жана мусулман календарлары.
18. Кыргыздардагы убакыт жөнүндө түшүнүгү
19. Он эки айбандык (мүчөл) жыл эсеби. Жыл жана ай эсеби
20. Айлардын аталышы жана чечмелениши

### 2-модуль
### ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

1. Метрологиянын предмети жана максаты жана методу
2. Метрологиянын пайда болушу. Метрология боюнча булактар
3. Чен бирдиктеринин келип чыгышы
4. Салмакты жана көлөмдү ченөө бирдиктери
5. Кыргыздардын аралыкты, аянтты, узундукту ченөөнүн алгачкы бирдиктери
6. Дипломатиканын пайда болушунун себептери, жана анын палеография менен пайланышы
7. Дипломатикалык изилдөөлөрдүн этаптары жана өнүгүшү
8. Этнология термини. Этнология илиминин келип чыгышы жана өнүгүшү
9. Этнология боюнча булактар
10. Генеалогиянын предмети, максаты жана изилдөө методдору
11. Санжыра: ата-бабалар, укум-тукумдар, урпактар, муундар
12. Санжырачылыктагы салттар – Инжилде (Библияда), Куранда, түрк элдеринин дастандарында жана уламыштарында
13. Тарыхый ономастиканын предмети,милдети жана бөлүмдөрү
14. Тарыхый ономастика боюнча булактар
15. Элдин, уруунун жана уруктун аталыштары, адам аттары
16. Кыргыздар колдонгон адам аттары.

17. Топонимика эмнени үйрөтөт? Географиялык картадагы аталыштар жана алардын маани-маңызы
18. Топонимдерди түзүүнүн негизги жолдору
19. Тарыхый антропологиянын предмети, максаты жана изилдөө методу
20. Антропология илиминин пайда болушу жана анын практикалык мааниси
21. Археографиянын предмети жана максаты
22. Талаа археографиясы, иш жүргүзүүдөгү негизги багыттар
23. Археологиянын предмети, максаты жана археологиялык булактар, изилдөөлөр
24. Археографиянын этнография жана социалдык антропология менен байланышы.
25. Табылгалардын пайда болгон мезгилин аныктоо, этносистемалык хронология боюнча тактоо иштери

**Тарых боюнча атайын дициплиналар предметинен тесттик тапшырмалар:**
**1- вариант**
1.“Гералдика” термини  кайсы тилден кирген?
а) латын б) немец в) орус г) француз
2. Геральдика илими эмнени окутат?
г) гербдерди б) орден,медальдарды в) гимндерди  г) желекти
3. XI – XII- кк.  Европада кимдердин арасында биринчилерден болуп гербке өтүү башталган?
а) рыцарлардын б) падышалардын в)карапайым элдердин г) аскерлердин
4. Каякта 1706-жылы 1-жолу геральдика кафедрасы ачылган?
а)Россияда б) Берлинде в) Японияда г) АКШда
5. Геральдика илими кайсы илимдер менен тыгыз байланышта?
а) математика,физика б) нумизматика,физика в) археология, нумизматика, сфрагифистика г) археология, хронология,генеалогия
6.”Генеалогия” - грек тилинен которгондо эмне дегенди билдирет?
а) санжыра б) урук в) коом г) мамлекет
7. .”Генеалогия”- илим катары болжол менен кайсы кылымда калыптанган?
а) XVII- XVIII-кк б) XVIII- XIX-кк в) XX – XXI-кк  г) XVI- XVII-кк
8. Уруулардын тарыхын,санжырасын, үй-бүлөөнүн келип чыгышын, жеке адамдардын тек жайын, тууганчылык байланыштарын изилдеп үйрөтүүчү илим.
а) генеалогия б) геральдика в)биология г) социология
9. XIX-кк аягындагы англиялык антрополог?
а) Ф. Гальтон б) Бернштам в) Бартольд г) Фидий
10. Философияга  генеалогия илими ким тарабынан киргизилген?
а) Ф.Ницше б) Роберт Гук в) Кляшторный г)Герадо
11. КР Мамлекеттик туусу качан кабыл алынган?
а) 3-март 1992-ж  б) 5-март 1993-ж в) 10-март 1994-ж  г) 3-май 1992-ж
12. Мамлекеттик туу эң биринчи жолу кайсы имараттын үстүнө илинген?
а) Өкмөт үйүнө б) китепканага в) башкы аянтка г) жергиликтуу кенештерге
13. Конституцияда “мамлекеттик символдор” - деп кайсылар аталат?
а) гимн, герб, желек б) кодекс, мыйзам в) китеп, журнал г) гимн, мыйзам, кодекс
14. Геральдика илими эмнени изилдейт?
а)  герб   б) желек в) гимн г) мыйзам
15. мамлекеттик гимн канча варианттын ичинен тандалып алынган?
а) 238  б) 234  в) 235  г) 236

**2-вариант**
1. Метрология - кайсы тилден кирген?
а) грек б) латын в) кытай г) орус
2. Метрология - эмнени изилдөөчү илим?

а) Чен өлчөм, материалдын тыгыздыгын, ар кандай нерсенин бийиктигин, салмагы ж.б б)аралыкты, чондукту, бийиктикти ж.б в) узундук, көлөм, бирдик ж.б г) чен өлчөм, салмак, узундук ж.б
3. Метрология илиминин адистери барбы?
а) ооба б) жок в) болгон г) эми болот
4. Метрология - илими кайсы илимдер менен тыгыз байланышта?
а) нумизматика, археология б) гениология, археология в) метрология, археология г) ономастика, археология
5. “М” (метрдик) система,метрдик конвенция канчанчы жылы кабыл алынган?
а) 1875-ж б) 1876-ж в) 1876-ж г) 1877-ж.
6. Нумизматика латын тилинен же грек тилинен которгондо эмнени түшүндүрөт?
а) тыйын б) акча в) сом г) тенге
7. Нумизматика - илими эмнени окутат?
а) тыйын жана акча мамилелерин үйрөтүүчү илим б) экономиканы үйрөтүүчү илим в) соодаңы үйрөтүүчү илим г) символдорду үйрөтүүчү илим
8. Нумизматика илиминин алгачкы баскычы эмнеден келип чыккан?
а) тыйын сатуудан б) акча чыгаруудан в) соода кылуудан г) тыйынды пайдалануудан
9. Нумизматика - тарых илимине көмөкчү илим катары киреби?
а) ооба Б) жок В) этнография илимине кирет Г)тарых илимине кирбейт
10.Тыйындын арткы бети эмне деп аталат?
а) Аверс б) реверс в) гурт г) орел
11. Ономастика - илими эмнени изилдейт?
а) тил илиминде энчилүү аттарды, алардын тарыхын, тилде колдонулушун изилдейт б) элдердин тарыхын изилдейт в) ооз эки чыгармачылыкты изилдейт г) элдердин жашаган жерлерин изилдейт
12. Ономастика грек тилинен которгондо кандай маанини түшүндурөт?
а) атоого байланыштуу(ысым) б) жерлердин аты в) шаарлардын аты г) чыгармалардын аты
13.Ономастиканын баа жеткис бай казынасын кайсы эпос түзөт?
а) Манас эпосу б) Эр Төштүк в) Курманбек г) Жаныш-Байыш
14. Ономастика илимине элдик оозеки чыгармачылык киреби?
а) ооба б) жок в) тил илимине тиешеси жок г) этнография илимине кирет
15. Тил илиминин чоң тармагы катары каралган илим?
а) ономастика б) нумизматика в) гениология г) антропология

**Кыскартуулар жана белгилөөлөр**
**МББС** – Мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП** – негизги билим берүү программасы;
**ОУБ**–окуу-усулдук бирикме;
**НББП ОСМ** – негизги билим берүү программасынын окуу сабактарынын мерчеми;
**ЖИК** – жалпы илимий компетенциялар;
**ИК** – инструменталдык компетенциялар;
**СИЖМК**– социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.
**ЖКК**– жалпы кесиптик компетенциялар;
**КК** – кесиптик компетенциялар;
**Кыскартуулар жана белгилөөлөр**
**МББС** – Мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП** – негизги билим берүү программасы;

**ОУБ**–окуу-усулдук бирикме;
**НББП ОСМ** – негизги билим берүү программасынын окуу сабактарынын мерчеми;
**ЖИК** – жалпы илимий компетенциялар;
**ИК** – инструменталдык компетенциялар;
**СИЖМК**– социалдык-инсандык жана жалпы маданий компетенциялар.
**ЖКК**– жалпы кесиптик компетенциялар;
**КК** – кесиптик компетенциялар;